# Сасык үпүп



Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Назик Придинова

# Сасык үпүп

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Назик Придинова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Балдар, үпүп өзүн эч качан сасык деген эмес. Анда ким айтып жатат?

Күн жылып, жаз айлары башталды. Келгин куштар менен бирге түркүн түс болгон эки үпүп да бир үйдүн жүзүм багына учуп келип, уя салышты. Күзүндө жүзүм бышарын кыялданып, өз уясында бийлеп, сайран курушту. Алар канаттарын керип, эс алып отурушту.



Бир маалда үйдүн шыбынан күл өңдүү боз чымчыкты көрүштү. Бул кайсы чымчык болду экен? Шып түбүндө уя бар турбайбы! Уядан дагы бир тумшук көрүнөт. Ар нерсеге кызыга берген үпүптүн бири дароо шыптагы уяны көздөй учуп келди. Ал башкаларды кемсинтип, өзүнө өзү суктанып, мактанганды жакшы көрчү:

– Ээй-эй, күлдөй бопбоз чымчык, сен кимсиң, ыя? Үйдүн чатырына окшошуп өңүң да таанылгыс тура! – деди.

– Жаралгандан эле өңүм ушундай. Мен бактекмин, а сен кимсиң?

– Көрбөй турасыңбы, мен канаттары кооз үпүпмүн! – деп күлүп, учуп кетти.



Эки үпүп уясына түрдүү тамактарды алып келип жеп, алардын калдыгын ар кайсы жакка ыргытышчу. Ошентип сайран куруп жүрүштү. Бир күнү алар үйдүн чатырындагы морго улам кирип-чыгып жаткан эки кара чыйырчыкты көрүп калды. Жөн турбаган баягы үпүп чыйырчыктардын жанына учуп келип:

– Ай, капкара чымчыктар, силер кимсиңер? Тумшугуңар сары болбосо, силерди мордун карасынан көрбөй калмак экенбиз! – деди.



– Кара чыйырчыкпыз. Бизди табият ушинтип жараткан. А сен кимсиң? – деп кара чыйырчыктар жарыша сурап калышты.

– Биз узун тумшуктуу, сулуу, канаттары түркүн түс чымчык – үпүп деген болобуз, – деди.

Анан жөн да кетпей:

– Кара чыйырчык капкара, чочуйт сенден башкалар! – деп ырдап, уясында отурган үпүптүн жанына учуп кетишти.

Эки үпүп бүгүн талаага сейилдеп чыгышты. Ал жерден алар асманга учуп, канатын бир жерде каккылап, сайрап турган торгойду көрүштү. Асманга карап аңкайып келаткан үпүп жерден бир нерсени басып ала жаздады.



– Апей! Бул жерде чымчык бар тура! Аа-ай, бозоргон боз топурактай болгон неме! Сен кимсиң, ыя! – деди чырлуу үпүп.

– Мен топулуу боз торгоймун. Тээтиги асманда калкып сайрап турган да боз торгой, - деди торгой.

– Ү-хү-ү--хү, топулуу боз торгой дейби? Мына, биздин таажыбыз кандай гана кооз! Топусун айтат дагы! Торгой имиш! – деп күлгөн эки үпүп уясын көздөй учуп кетишти.



Ошентип бардык чымчыктарды мыскылдап жүргөн эки үпүп көрүнбөй калышты. Көрсө, мактанчаак үпүп жумуртка басып жаткан экен. Эми жумурткадан чыккан балапандары менен убара болуп калышты. Ошол маалда эки үпүптүн мыскылына ыза болгон чымчыктар кеңеш курушту.

– Үпүптөр бизди аябай мазактайт, бирок колубуздан эч нерсе келбейт, – дешти бактектер.

– Биз аларды эстен кеткис тамашага салалы, балким, оңолуп калышар, – дешти, кара чыйырчыктар. Анткени алар да абдан ызаланып калган эле.

– Мактанчаак үпүп таажысы менен мактанса да, биз сыяктуу абада калкып тура албайт. Биздей кылдат, тыкан уя да куралбайт, а бирок биз мактанбайбыз. Анткени ар кимдин өз жашоосу бар, – дешти эки торгой асманда безеленип сайрап.

Ошентип мактанчаак үпүптү эсине келтирүүнү кара чыйырчыктар баштамак болду. Кокус бир нерсе башталып кетсе, ынтымакка чакыруу үчүн башка чымчыктар даяр болушту.



Чынында эле кара чыйырчыктардын өнөрү күчтүү болчу. Алар мышык болуп мыёолоп, ал эмес эшиктин кыйчылдаган үнүн туурап, кээде бака да болуп чардап жибермейи бар эле.

Адегенде жүзүм бактын үстү кыйчылдап, анан мышыктын мыёлогон үнү чыкты.

– Эмне болуп кетти! – деди үпүп коркуп. Мыёологон үн улам жакындай берди. Эки үпүп алдастап калды.

– Кокуй күн ай, балапандарыбыз эми мышыкка жем болобу! Жок! Жо-ок!

– Мен кимге жамандык кылдым эле? – деди мактанчаак үпүп. Анын түрү ушул маалда абдан аянычтуу эле.

– Сен чымчыктардын баарын мазактап жүрбөдүң беле! Мына эми сага!

Эки үпүп коркуп, аябай чыркырашты. Канаттары менен балапандарын калкалап, чый-пыйлары чыкты. Бир маалда алар өздөрүнүн өнөрүн эстешти. Душмандан коргонгондо, сасык суюктук чачып жиберишчү эмес беле! Анан сасык жытты бүркүп жиберишти.



– Өф-фи-ий, – деди бир маалда далдоо жерде турган кара чыйырчыктын бирөөсү. Ал сасык жыттан какап-чакап кетти.

– Таза абага учуп чыкпаса болбой калды, – деди экинчи чыйырчык. Экөө далдоодон учуп чыгышты.

Таажылары үрпөйгөн, канаттары калтыраган, уясы чачылган, сасык үпүптөр экөө бирдей муңайып жер карап:

– Бизди табият ушинтип жараткан... – дешти. Күнөөлөрүн сезип, чымчыктардан кечирим сурашты.

Ошол күндөн бери үпүптөрдүн сасык үпүп деген аты айтылып кала берди.

Балдар, айткылачы, сасык үпүптүн окуясынан кийин ким кандай жыйынтыкка келди?

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Назик Придинова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли